**ФИЛОЛОГИЯ**

**УДК 8.1.08**
**DOI 10.33514/1694-7851-2024-2/1-207-215**

**Абдыкалыкова А.А.**
филология илимдеринин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
aisuluua@mail.ru

# КАСЫМ ТЫНЫСТАН УУЛУНУН “ОРТО МЕКТЕПТЕР ҮЧҮН КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРОГРАММАСЫ”

**Аннотация:** Бул илимий макалада кыргыз тилинин, кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү, кыргыз тилинин нормативдик грамматикасын негиздеген, кыргыз тилинин программасын түзгөн, биринчи “кызыл” профессор Касым Тыныстан уулунун “Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы” (1937) тууралуу сөз болмокчу. Программанын түшүндүрмөсүндө программа окуучуларга мурун белгисиз маалыматтарды берүү менен катар, өткөн жылдардагы алынган билимдерди бышыктоого, терендетүүгө жана жалпылоого арналгандыгы айтылган. Ошону менен катар мугалимге программадагы кайсы материал, кайсы тема кандайча түшүндүрүлүшү керектиги көрсөтүлөт. Ошондой эле адабий тил менен диалектилер, алардын жакындашып келе жатканы; имланын, жалпы басма сөздүн бул жөнүндөгү ролдору, кыргыздын адабий тилинин негизги тамырлары: кыргыздын жандуу речи (элдин жандуу речи), араб-иран тилинин калдыктары жана орус тили менен дагы ошол аркылуу кирип жаткан сөз байлыктары, тилдин таптык мүнөзү, мааниси, жат сөздөрдүн урунуудан чыгып жатканы, жаңы кирген сөздөр, маанисин жаңыга которуп жаткан сөздөр ж.б. тууралуу берилген.

**Негизги сөздөр:** кыргыз тили, кыргыз тил илими, программа, долбоор, грамматика, имла, тыныш белгилери, сүйлөө, жазуу, речь, сөз өстүрүү, адабий тил, диалектилер, араб тамга, латын тамга, кирилица, класс, айкындооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч, ж.б.

**Абдыкалыкова А.А.**
кандидат филологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
aisuluua@mail.ru

# «ПРОГРАММА КЫРГЫЗСКОГО ЯЗЫКА ДЛЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНЫХ ШКОЛ» КАСЫМА ТЫНЫСТАН УУЛУ

**Аннотация:** в данной научной статье речь пойдет о «Програме кыргызского языка для общеобразовательных школ» (1937) первого «красного» профессора Касыма Тыныстан уулу, основоположника кыргызского языка и кыргызского языкознания, основоположника нормативной грамматики кыргызского языка, создатель программы кыргызского языка. В пояснении к программе было указано, что программа призвана закрепить, углубить и обобщить знания, полученные в предыдущие годы, а также предоставить студентам ранее

неизвестную информацию. При этом учителю показывается, какой материал и тему в программе следует объяснить. А также литературный язык и диалекты, их сближение; роль орфографии, общая печать, основные корни литературного языка кыргызов: живая речь кыргызов, остатки арабо-иранского языка и русского языка, богатство входящих через него слов, сословный характер языка, его значения, употребления появляющихся иностранных слов, вновь вводимых слов, слов, меняющих свое значение на новые и т. д. дано о.

**Ключевые слова:** кыргызский язык, кыргызское языкознание, программа, русский язык, грамматика, морфология, группы слов, методист, студент, кыргызский язык, русский язык, государственный язык, школа, институт, «Алипе», арабская буква, латинская буква, кириллица, программа и т. д. д.

**Abdykalykova A.A.**
Candidate of Philological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
aisuluua@mail.ru

## “KYRGYZ LANGUAGE PROGRAM FOR SEKONDARY SCHOOLS” KASYMA TYNYSTAN UULU

**Abstract:** this scientific article will talk about the founders of the Kyrgyz language and Kyrgyz linguistics, who laid down the normative grammar of the Kyrgyz language, created a Kyrgyz language program, and wrote textbooks for representatives of other nationalities studying Kyrgyz as a second language. The authors' study of theoretical issues related to grammar forms the basis of the modern Kyrgyz language and Kyrgyz linguistics. The explanation for the program stated that the program is designed to consolidate, deepen and generalize the knowledge acquired in previous years, as well as provide students with previously unknown information. At the same time, the teacher is shown what material and topic in the program should be explained. As well as the literary language and dialects, their convergence; the role of spelling, common printing, the main roots of the literary language of the Kyrgyz: the living speech of the Kyrgyz, the remains of the Arab-Iranian language and the Russian language, the wealth of words entering through it, the class character of the language, its meaning, the use of emerging foreign words, newly introduced words, words that change its meaning for new ones, etc. is given by Fr.

**Key words:** Kyrgyz language, Kyrgyz linguistics, program, Russian language, grammar, morphology, groups of words, methodologist, scientist, Kyrgyz language, Russian language, state language, school, institute, “Alipe”, Arabic letter, Latin letter, Cyrillic alphabet, program, etc.

Касым Тыныстан уулунун калтырган бай мурастары, тил боюнча жазган окуу китептери ар тараптан кеңири иликтенип-изилдөөгө алынышы абзел. Анын түзгөн морфология, синтаксис боюнча окуу китептери менен бирге кыргыз тилиндеги лингвистикалык терминдердин калыптанышына, орфографиянын негизделишине, лексиканын жыйналышына ж.б. кошкон салымы, ролу чоң экендигинде талаш чоң.

Соңку мезгилдерге чейин анча көңүл бөлүнүп, эмгектери бааланбай келе жаткан окумуштуунун кыргыз тилиндеги алгачкы, байкап көрсөк, тилди, тил каражаттарын колдонууну окутуу, ага өзгөчө көңүл буруу, экинчи, а түгүл үчүнчү катарда калган. Азыркы колдонулуп жүргөн программа К.Тыныстанов түзгөн программага (Тыныстанов, 1937)

үндөшүп турат. Бул үндөшүү дал ушул тилди колдонуу өзгөчөлүктөрүнө көңүл бурулгандыгы менен түшүндүрүлөт.

1987-жылы кыргыз тилинин жана адабиятынын жаңы программасынын долбоору түзүлүп, жарыкка чыккан (Кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. Ф., 1987). Анын бир боегу кургап кургабай эле илимий мекемелерде, окуу жайларында, мезгилдүү басмада кызуу талкуулар, талаш-тартыштар башталды. Айрымдары орус тили боюнча түзүлгөн программанын көчүрмөсү болуп калды деп, көпчүлүк жерлерине каршы болушту. Каршы болгондордун басымдуу бөлүгүн окуу китептеринин авторлору жана мектептин тил, адабият мугалимдери болду. Аларды да түшүнсө болот, анткени окуу китебинин авторлорунун колунда жаңыдан киргизилген темалар боюнча эне тилибизде кеңири иликтенген илимий эмгек жок. Мектеп мугалимдерине болсо, методикалык колдонмо, көрсөтмө куралдар мындай турсун, алар боюнча теориялык маалыматтар да чектелүү гана (сөз программа жаңыдан киргизилип, кыргыз тил илиминде илимий иликтөөнүн кеңири обьектисине алына элек тил илиминин сөз маданияты, стилистика, фразеология, сөз жасоо сыяктуу бөлүмдөрү жөнүндө болуп жатат).

Коомчулуктун, түзүүчүлөрдүн талкууларга катышып, мезгилдүү басмага жазып чыгуулары менен, программа, негизинен, жактырылып, пайдаланууга берилди. Акыйкат үчүн айта кетчү нерсе, биз кыйла кубаттоо менен сөз кылып жаткан программада да айрым бир мүчүлүштөр кезикпей койбойт. Аны өз учурунда оңдоого, толуктоого мүмкүнчүлүктөр болсо да, ал боюнча жалпы талкуу мезгилдүү басмада, коомчулукта эми кызып, эми кеңири кулач жайып келе жатканда белгисиз себептер менен кан буугандай токтотулган. Ал эми республикалык масштабдагы эң абройлуу, таасирдүү болгон "Советтик Кыргызстан" газетасы (азыркы "Кыргыз туусу") бул маанилүү ишке деги эле катышпай койгон. Биздин оюбузча, бул программа боюнча кайрадан жалпы элдик талкуу уюштуруу зарыл.

Кыскасы, түзүүчүлөр орус тилинин үлгүсүнө салдыбы, же бул жакшы жактарын ачууга аракеттенген К.Тыныстанов түзгөн программага таасирлендиби, кеп анда эмес, кеп эне тилдин олуттуу программасын, китебин, тилди пикир алышуунун куралы катары гана эмес, ал куралды кандайча пайдаланганда сөзүбүз талапка жооп берерине карата да ылайыктап түзүлүшү шарт. Бул – учурдун талабы.

Мына ушул жагынан алганда, К.Тыныстановдун 1937-жылкы түзгөн программасы алда канча баалуу да, керектүү да. Бул – орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы. Бул программанын долбоору Кыргыз ССРдин Агартуу Эл Комиссары тарабынан бекитилип, "Кыргызстан" мамлекеттик басмасынан 1937-жылы басылып чыккан. Тиражы 1000+125. Бул программаны мугалим ж.б. кыргыз тилинин кызматчылары талкуулап чыгышкан. Программанын түшүндүрмөсүндө программа окуучуларга мурун белгисиз маалыматтарды берүү менен катар, өткөн жылдардагы алынган билимдерди бышыктоого, тереңдетүүгө жана жалпылоого арналгандыгы айтылган. Ошону менен катар мугалимге программадагы кайсы материал, кайсы тема кандайча түшүндүрүлүшү керектиги көрсөтүлөт.

Ал программа "Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы (долбоору)" деп аталып, баш сөз иретинде программага түшүндүрмө (Программаны илим-иликтөө иниститутунун илим кызматчысы К.Тыныстанов түзгөн. Мугалим жана башка кыргыз тилинин кызматчылары талкуулап чыгышты) деп, "орто мектептеги тил программасы окуучуларга тилден өткөн жылдарда (башталгыч мектепте) өтүлбөй калган гана маалыматтарды берүүнү алдына максат кылып койбойт. Ал, окуучуларга мурун белгисиз маалыматтарды берүү менен катар, өткөн жылдардагы алынган билимдерди бышыктоого, тереңдетүүгө жана жалпылоого

арналган. Маселен, баштапгыч мектепте жонунан гана өтүлгөн тема, орто мектепте бышыкталып жана тереңдетилип, окуучуларга бүткөн жана системага салынган түрдө берилет. Ал гана эмес, орто мектептин класстарында да ошондой байланыштар болот. Маселен, “5-класста сүйлөм мүчөлөрү өтүлгөндө, айкындооч жөнүндө жалпы гана жөндөмө маалымат берилсе, 6-класста ал айкындооч жөнүнөн терең жана системага салынган маалымат берилүүгө тийиш: айкындооч мүчөлөрдүн түрлөрү, алардын маани жактан аткарган милдеттери, алардын ар түркүнүнүн жазылыштары; ошол эле айкындооч мүчөлөр, 7-8-кластарда бышыкталып жана жалпыланып, окуучулардын оюна бир жолу орнотулат” дейт да, андан ары “Программанын айрым бөлүмдөрүндөгү иштер (мас. “Грамматика, имла, тыныш белгилери” менен “сүйлөөдө жана жазууда речти өстүрүү” бөлүмдөрү) бири менен бири айрылгыс түрдө байланышта болууга тийиш. Мас. окуучунун өзүнчө жазган чыгармасы (аңгеме, жомок ж.б.) жалгыз гана чыгарма катарында текшерилбестен, грамматика, имла, тыныш белгилери жагынан да текшерилип, ал окуучулардын грамматика, имла жана тыныш белгилери жөнүндө алган маалыматтарын бышыктоого да жумшалууга керек; окуучу китепти жарыя окуганда, же речь сүйлөгөндө, окуу менен речь окуучунун интонация (тыныш) жөнүндө алган маалыматын тереңдетүүгө арналууга тийиш” деп, окутуунун методикасы тууралуу баяндап өтөт.

Эми бул программада тилдин колдонулушу, жалпы эле кеп жөнүндө эмнелер берилген? Ошолорго токтололу.

Программанын ар бир класс боюнча бөлүнгөн тема-талаптары эки бөлүктөн турат. Алар “А” жана “Б” деп белгиленген. “А” бөлүгүндө тилдин түзүлүшү, ал эми “Б” бөлүгүндө тилдин колдонулушу боюнча тапшырмалар берилген. Биз программанын мыкты жетишкен жагы катары “Б” бөлүгүн эсептегендиктен, ошого гана токтолобуз (бул “А” бөлүгү эч нерсеге жарабайт деген жыйынтык бербөөгө тийиш. Ал өзүнчө иликтөөгө арзыйт - А.А.).

Демек, класстар боюнча темалардын эки бөлүктөн турушу тилди окуп-үйрөнүүнүн эки негизги бөлүктөрүнө туура келет. Эскертүү: “А” бөлүгү – грамматика, имла (орфография), тыныш белгилери деп аталат да, “Б” бөлүгү – жазууда жана сүйлөөдө речти өстүрүү деп берилет.

Программа бештен онго чейинки класстарды камтыйт. 5-класстын окуучулары тилдин колдонулушунан, түзүүчүнүн ою боюнча, эмнелерди билүүгө тийиш? Аны толук келтирели: “Китептин урунт жерлерин (сөз башы, кириш сөз, мазмун тизмеги, абзац ж.б.) ажырата билүү. Китептен, газетадан керектүү цитаталар көчүрүп алууга үйрөнүү. Имла сөздүгү менен пайдалана алуу, машыгуу. Жаңы кезиктирген сөздөрдүн сөздүгүн түзүү, алар менен пайдалануу.

Кыскача жөнөкөй имла түзө билүү, анкета толтурууга, кыскача арыз жазууга үйрөнүү. Өз турмушунан жана мектеп турмушунан (маселен, екскурсийа - К.Т.) кыскача чыгарма жаза билүү, же окуган кыскача аңгемени өз сөзү менен айтып, же жазып бере алуу. Сүйлөгөндө же жазганда адабий тилдин нормаларын колдоно билүү...” Буларды окутуп үйрөтүүгө 36 саат бөлүштүрүлгөн. Азыр колдонулуп жаткан программа да тилдин колдонулушун окутууга 31 саат бөлүштүрүлүп, речь, текст, речтин стилдери, түрлөрү, текстти талдоо, кайра түзүү, түзүү сыяктуу түшүнүктөрдү өздөштүрүү каралган.

Алгачкы кызыл профессор түзгөн программада 5-класска – 170 саат, 6-класста – 68 саат, 7-класста – 78 саат, 8-класста – 64 саат убакыт бөлүнүп, тапшырма улам татаалдашып отурган. Программада мындайча берилген:

«ПРОГРАММА. V класс (170 саат)

А. Грамматика, имла, тыныш белгилери

Фонетика. Тыныш жана тамга. Денебиздеги тыбыш чыгарууга катышуучу мүчөлөр жана алардын кыймылдары. Тыбыштардын бөлүнүштөрү: айтылыш жактан, грамматика закону жактан. Созулуп айтылуучу үндүүлөр, алардын тамгалары. 2 саат.

Сөз жана муун. Сөз жана сөздөгү муун. Муун жана муунда тыбыштардын ээрчишкени. Муундун түрлөрү жана аларды тамгалар менен белгилөө. 4 саат.

Сүйлөм. Сүйлөм жөнүндө жалпы түшүнүк. Сүйлөм жана тыныш (интонация). Речь жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн тизмектешкени. Көп маанилүү сөздөр жана алардын сүйлөм тизмегинде айкындалышы.

Сүйлөмдүн айтылышка (интонацияга) карай бөлүнүшү. Сүйлөмдүн аягындагы тынышка карай, жазууда коюлуучу белгилер (.?!).

Сүйлөмдөгү баш мүчөлөр, алардын сүйлөмдөгү ролдору. Сүйлөмдөгү баш мүчөлөр, аларды суроо аркылуу ажыратуу. Баш мүчөлөрдүн жазылыш эрежелери.

Айкындооч мүчөлөр, алардын сүйлөм тизмегиндеги ролдору. Айкындооч мүчөлөрдү суроо аркылуу баш мүчөлөрдүн айланасына топтой билүү. Баш мүчөлөрдөгү айкындоочтордун түрлөрү. Айкындоочторду өз орундарына жаза билүү.

Айкындоочтуу ээ жана сыңар баяндооч, аларды уюштуруучу сөз мүчөлөрү.

Сүйлөм мүчөлөрү жана алардын ролдорун аткаруучу сөз түркүмдөрү (зат, сын, этиш ж.б.) 6 саат.

Сүйлөм түрлөрү. Жөнөкөй жана жайылма сүйлөм, алардын ортосундагы айырма. Толук сүйлөм жана кемтик сүйлөм, алардын ортосундагы айырмалар. Кемтик сүйлөм жана речь тизмектери. Сыңар сүйлөмдөр жана алардын түрлөрү жөнүндө баштама түшүнүк. Бирикме сүйлөм жөнүндө жалпы түшүнүк.

Жалаң сүйлөм менен кошмо сүйлөм, алардын айырмалары. Оошмо сүйлөмдөгү баш сүйлөм, багыныңкы сүйлөм, жандама сүйлөм, кыстырынды сүйлөм жана шарттуу сүйлөм.

Сүйлөмдөгү каратма сөз жана анын сүйлөм ичинде жазылыш эрежелери. 25 саат.

Сөздүн курулушу. Сөздүн уңгусу жана мүчөсү. Сөз мүчөлөрүнүн аткарган ролдору. Сөздүн мүчөлөп өзгөргөнү. Мүчөлөмө жана мүчөлөбөс (сенек) сөздөр. үндөштүк закону жөнүндө жалпы түшүнүк. Мүчөлөрдү тыбыштардын өзгөрүшүндөгү себептер.

үндүүлөрдүн ээрчишкени жана андагы закондор. үндүүлөрдүн ээрчишкени жөнүндө таблица жасай билүү. Сыйлыгышуу закону, андагы учурлар.

үнсүздөрдүн ээрчишкени жана андагы закондор. үнсүздөрдүн ээрчишкени жөнүндө таблица жасай билүү. үнсүздөрдүн тетири ээрчишкени, андагы закондор. Тетири ээрчишүүнүн айтылышы жана жазылышы. үнсүздөрдүн алмашканы, андагы закондор.

Сөз мүчөлөрүнүн түрлөрү, алардын түргө бөлүүдөгү принциптер. Мүчөлөрдүн жазылыш эрежелери.

Сөз мүчөлөрүнүн түркүмдөрү, аларды түркүмгө бөлүүдөгү принциптер. Курандылардын түрлөрү, аларды түргө бөлүүдөгү принциптер. 10 саат.

Мүчөлөмө сөздөрдүн түркүмдөрү жана түрлөрү. Этиш менен атооч, аларды суроолор аркылуу ажырата билүү. Атооч менен этиштин сүйлөм мүчөлөрүн уюштуруудагы ролдору. Атоочтордун түрлөрү. Уңгу атоочтордун түрлөрү.

Этиштин түрлөрү жана этиштин уңгулары» ж.б. (11-б.)

Бул программада атайын иликтеп, көңүл койчу жагы анын 9-10-класстарга карата түзүлүшү. Ага 34 сааттан – 68 саатка чейин берилген. Булар дагы мурдагыдай эле “А” жана “Б” бөлүмдөрдөн туруп, а) Түшүндүрмөдө өткөн класстардагы сабактардын (грамматиканын,

имланын, тыныш белгилерин жана речь өстүрүүнүн) калпыс жерлерин бышыктоо; анда IX жана X класстардын программасы төмөндөгүлөрдөн куралат: а) өткөн класстагы сабактардын (грамматиканын, имланын, тыныш белгилеринин жана речь өстүрүүнүн) калтыс жерлерин бышыктоо; в) тил таануу илиминин жана тил тырыхынын урунт учурлары менен таанышуу.

Өткөн класстагы сабактардын калтыс жерлерин бышыктаганда мугалим көз алдында төмөнкүлөрдү бекем тутуу керек: 1)программадагы өтүлгөн темалар ыраатты менен эле кайталана бербесин, окуучулардын билиминдеги чийки жерлер кылдаттык менен табылсын да, ошол чийки жерлер бышыкталсын; 2)өткөн сабактар бышыкталганда, тил таануу илими жана тил тарыхын үйрөнүү сабактары менен байланыштырылып жүргүзүлсүн; 3)грамматика, имла жана тыныш белгилеринен мурунку класстарда алынган билимдер унутулмак түгүл, алар IX жана X класстарда бекем бышыкталсын да, тереңдетилсин.

IX жана X класстарда берилген 68 саатты (ар класста 34 сааттан) темаларга бөлүү жөнүнөн мындай божомол сунуш кылууга болот: сааттын теңме-теңи бышыктоого жумшалсын да, теңи тил таануу илими менен тил тарыхынын урунт жерлерине берилсин.

б) тил таануу илиминин жана тил тарыхынын урунт учурлары менен таанышууга арналган. Анда "Тил таануу илими жана тил тарыхы жөнүндө иштелгенде, окуучулардын эсине керектүү материалдар жеңил лекция аркылуу гана салынат да, окуучулар менен суроо жана жооп аркылуу маектешүү түрдө гана бышыкталынат. Мугалимдин лекциясында айтылган сабактарды окуучулардан ошол тулкуда доолашка болбойт: окуучулар айтылган кабарларга эстүү түрдө гана сөйөнө (ориентациялай) билсе, болгону. Мугалим төмөнкү негизги учурларды эсте мыкты тутуу керек.

"Диалекти деп, бул улуттун тилиндеги айрым көрүнүштүү тармактарды айтабыз. Бул айрым көрүнүштүү тармактар бир тилдин бир нече тармакка бөлүнүп бара жаткандыгын эмес, бир нече тармактын өз ара биригип келе жаткандыгын көрсөтөт, анткени–тарыхый өсүштүн белгилүү доорунда айрым коллективдер, экономика жактан бир коллективге уюшат да, улуттун өзүн түзөт, айрым коллективдердин тилдери, бир тилге куюп, улуттун тилин түзөт. Ошондуктан, капитал бийлиги бар жерде диалектилер бир жолу жоюлуп кетпейт, анткени–капитализм, өзүнүн ички каршылыктарынын натыйжасында, чың коллектив уюштура албайт" деп баш сөзүндө жазса, 9-10-класстардын программасында "Диалекти жөнүндө жалпы түшүнүк. Кыргыз тилинин диалектилери: «з» ордуна «с» айтуу (кыз – кыс, туз – тус), созулма үндүүлөрдүн ордуна үндүү менен «в» айтуу (тоо – тов, тоого – товго, суу – сув, сууну – сувду ж.б.), «а» ордуна «э» айтуу, кээде «е» ордуна дагы «э» айтуу (масс.тамаки – тэмэки, аке, эке, же экэ).

Адабий тил менен диалектилер, алардын жакындашып келе жатканы; имланын, жалпы басма сөздүн бул жөнүндөгү ролдору.

Кыргыздын адабий тилинин негизги тамырлары: кыргыздын жандуу речи (элдин жандуу речи), арап-иран тилинин калдыктары жана орус тили менен дагы ошол аркылуу кирип жаткан сөз байлыктары.

Тилдин таптык мүнөзү. Мааниси жат сөздөрдүн урунуудан чыгып жатканы, жаңы тулуп жана маанисин жаңыга которуп жаткан сөздөр.

XVIII кылымдын башында, динди жамынып, өзбек жана уйгур соодагерлери аркылуу, арап-иран маданияты кыргыз эллине кире баштады. Кыргыз тилинде дин жана сода менен байланыштуу терминдер катышты. Кыргыздын байлары жана манаптары, өзбек жана уйгур соодагерлери менен байланышып, араптын жазуусун колдоно баштады. Бирок алардын

колдонгон жазуу тили кыргыз тилине негизделбеди, эски замандагы чагатай түрктөрүнүн ак сөөктөрүнүн китеп тилине негизделди да, калкка түшүнүксүз болду. Падыша заманында да кыргыз тили түрктөргө кубаланды. Падышанын төрөлөрү, кыргызга жазуу, мектеп-жалпы маданият бермек түгүл, кыргыз элинин өз маданиятын жоюп, христиан динине киргизишке аракет кылышты. Ошентип, кыргыз эли совет өкмөтү орногонго дейре мектепсиз, жазуусуз болду.

Сырткы жана эски душмандар жеңилгенден соң, совет өкмөтү кыргыз тилине жазуу жасоону дароо иш жүзүнө койду. 23-жана 24-жылдарда арап тамгасын кыргыз тилине ылайыктоого далаалаттар болду, кыргыз тилиндеги биринчи китептер жана газеталар арап тамгасы менен чыкты. Бирок, арап тамгасынын социалисттик маданиятты өстүрүүдө жолтоо боло тургандыгы бат эле сезилди. 25-жылдын май айында, арап тамгасын таштап, латын тамгасынын негизинде түзүлгөн тамгага өтүү жөнүндө кыймыл башталды. Бул кыймылга улутчулдар каршы күрөш ачышты, бирок калың эмгекчи, коммунист партиясынын жана совет өкмөтүнүн жардамы менен, улутчулдардын каршылыгын бат эле талкалады да, 4 эле жыл ичинде арап тамгасын жоюп салышты. Кыргыздын байчыл-контрреволюциячыл улутчулдарынын жана улуу орус шовинисттеринин каршылыгына карабастан, кыргыздын адабий тили бат эле өстү да, социализм куру ишине зор курал болуп кызмат этти. Кыргыздын адабий тилинин тез өсүшүнө орус тили чоң жардам көрсөттү, анткени–орус тили аркылуу кыргыз тили мазмун жактан да, форма жактан да тез байыды. Орус тили кыргыздын социалисттик маданиятынын өсүшүнө мындан ары да жардам кылат, анткени–орус тилинде жасалган маданият өтө бай, Ленин жана Сталин жолдоштор өздөрүнүн чыгармаларын орус тилинде түзүшкөн.

Кыргыздын адабий тилинин тарыхындагы негизги этаптар:

падыша заманынан мурун арап-иран тилинин кыргыз тилине дин аркылуу киргени; падыша заманында кыргыз тилинин түпкүргө кубаланганы;

граждандар согушу убагында кыргыз тилинин ал-жайы, жана ошол учурда казак тили менен өзбек тилинин таасири; кыргыз тилиндеги биринчи жазуу (23-24-жылдар);

арап тамгасынан жаңы тамгага өтүү; тилдеги тап күрөштөрү;

ушу күндө адабий тилибиздин дүркүрөп өсүшү, анын социализм куруу үчүн зор курал болушу;

орус тилинин кыргыз тилине өсүү жактан көрсөткөн жардамы” деп баса белгилейт(9-б.).

Социализм жеңген жерде гана диалектилер жоюлат, анткени–социализм капитализмдин мурунку ички каршылыктарын жоюп салат. Диалектилер гана эмес, коммунизм жер жүзүн толук жеңгенде жана ал үрп-адатка сиңгенде, бүткүл тилдердин бары бир тилге куят, анткени–бүткүл жер жүзүн бир гана чың коллектив ээлейт. Бул жөнүндө жол. Сталиндин айткандарына сүйөнүү керек.

Диалектилердин тез биригип кетишине адабий тил, анын басма сөзү жана имласы зор жардам кылат, анткени–алар бирдей сүйлөөгө, бирдей жазууга үйрөтөт.

Кыргыздын адабий тилинде, элдин жандуу (сүйлөнүп жүргөн) речинин байлыктарынан башка, арап-иран тилинен келген байлыктар да (маселен: мектеп, китеп, дептер, саясат, маданият, тарых ж.б.), орус тилинен жана ошол аркылуу басма тилдерден келген байлыктар да (маселен: колхоз, совхоз, совет, экономика, комиссариат ж.б.) бар”,-дейт.

Биздин оюбузча, муну терең иликтеп, азыркы күндө да К.Тыныстан уулунун жазган эмгектерин, калтырган мурастарын колдонуу пайдалуу.

Учкай сөзүбүздү жыйынтыктоодо буларды белгилейбиз:

Айрым окумуштуу-педагогдордун пикирлерине таянганда азыркы окуу программа, окуу китептерибиз 20-30-жылдардын деңгээлинен төмөндөп кетти. Бул, баарыдан мурда, тил боюнча мектеп программасын “ашыкча грамматикалаштырууга” байланыштуу.

“Жаңы – жакшы унутулган эски” экендигин 20-30-жылдардын тажрыйбасын мыктылап үйрөнгөндө гана ачык билинет деп ойлойбуз.

Жаңыны түзүүдө, эне тилди окутууну жаңы баскычка көтөрүүдө К.Тыныстановдун эмгектерин окуп-үйрөнүү, өздөштүрүү, аны толук пайдалануу зарыл.

К.Тыныстановдун экинчи өмүрүн түбөлүк кылуу үчүн ар тараптан (инсандык, илимпоздук, педагогдук, атуулдук, акындык) кеңири иликтөө, пропагандалоо – улуттук милдет.

Туңгуч окумуштуунун илимий эмгектеринин толук жыйнагын басып чыгаруу улуттук илимий, рухий байлыкка кошулган чоң салым болмокчу.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Тыныстанов К. “Орто мектептер үчүн кыргыз тилинин программасы (долбоору)”. I басылышы. Кыргызстан мамлекет басмасы. Ф., 1937.
2. Кыргыз тилинин жана адабиятынын программасы. Ф., 1987.
3. Абдыкалыкова А.А. К.Тыныстановдун кыргыз тили боюнча окуу китептери жана эмгектери//Эл агартуу, 1997. №10-12, 52-66-бб.
4. Абдыкалыкова А.А. Касым Тыныстанов жана кыргыз тил илиминин айрым маселелери (фонетика, морфология жана терминология). Монография. Б.: 2003. 160б.


**Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Иманакунова К.Ш.**